КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз XXXII (отуз экинчи) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 10-июну №201/XXXII-28** **Алмалуу айылы**

**Жер тилкесин бир категориядан экинчи категорияга которуу жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 10-июнундагы "Ысык-Ата айыл аймагынын Жогорку-Ичке-Суу, Алмалуу айылдарынын №387,368 контурлардан түндүктөн түштүккө карай 1650 метр аралыкта жаткан "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясындагы 0,50 га (анын ичинен 0,10 га кайрак айдоо "үлүш"жер жана 0,40га жайыт жер) жер тилкесин "өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жер тилкелери" багытына которууга макулдук берүү жөнүндө" катын Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамынын негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл аймагынын Жогорку-Ичке-Суу, Алмалуу айылдарынын №387,368- контурларында түндүктөн түштүктү карай 1650 метр аралыкта жаткан "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын 0,50 га (анын ичинен 0,10 га кайрак айдоо "үлүш" жер жана 0,40га "жайыт" жер) жер тилкесин "Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга макулдук берилсин.
2. "Жогорку-Ичке-Суу жана Алмалуу айылына суу лотокторду орнотуу боюнча" долбоору ишке ашып жаткан учурунда жаралган бардык суроолорду Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы А.Майлибашев учурунда чечип, долбоордун аткарылышын өз көзөмөлүнө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**